ЫСЫК-АТА РАЙОНУ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ

УЗУН-КЫР АЙЫЛДЫК
ОКРУГУНУН КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ

ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН

КЕНЕШ УЗУН-КЫРСКОГО
АИЛЬНОГО ОКРУГА

# ТОКТОМ

2022-жылдын 11- февралы, №27/V-28

**Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн 2022 жылдын башталышына бош калган акча каражатын бекитүү жөнүндө**

Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн каржы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Г.К.Жумаканованын "Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн бюджетинин 2022-жылдын башталышына бош калган акча каражаты бекитүү жөнүндө билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Узун-Кыр айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын башталышына бош калган жергиликтүү бюджеттен төмөнкү бөлүмдөр жана статьялар боюнча жалпы суммасы– **3598,8миң** сом бекитилсин: анын ичинен- Муниципалдык кызматкерлердин эмгегин стимулдаштырууга жана социалдык колдоо көрсөтүүгө (Нооруз, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын күнү, Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнү ) боюнча сыйлык акы төлөп берүү бекитилсин

70111 болуму АУП – статья 2111 – **423,9 м.с, статья 2121-73,1 м.с**

а/.Муниципалдык кызматкерлердин эмгегин стимулдаштырууга жана социалдык колдоо көрсөтүү үчүн материалдык жардам /компенсация/ катары 10 кызматкерге х 150сом=1500 сом х 20 календардык эмгек күнү= 30,0 м.с х 11 ай = **330,0 миң сом**/ эмгек иш күндөрүнө ылайыктуу, тамак-ашына бөлүнүп берилсин.

б/.Муниципалдык кызматкерлердин өзгөчө эмгек шартына байланыштуу/оор жумуштар,зыян келтирүүчү, коркунучтуу жана башка өзгөчө шартагы жумуштар,аба-ырайына байланыштуу өзгөчө жумуштар/ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 258, 27-апрель 2015-жылкы токтомунун негизинде жана коллективдүү договордогу протокол менен аныкталган кызматкерлерге **87,1** сом акча каражы бөлүнсүн.

в/.ТКЧ бөлүмүнө статья 3111 – **740,0** миң сом.Дем берүүчү грант долбооруна өздүк салым /Төмөнкү-Норус айылы,Бокомбаев көчөсү/.

3111 – **500,0** миң сом –ички жолдорду оңдоо /Дружба айылы,К.Маркс көчөсү/

3111- **500,0** миң сом- кичи футболдук стадионду оңдоо/Төмөнкү-Норус айылы/

3111- **544,7** миң сом- кичи футболдук стадионду оңдоо /Джер-Казар айылы/

3111- **400,0** миң сом- балдар аянтчасын оңдоо /Төмөнкү-Норус айылы/

**Жалпы суммасы: 3598,8 сом.**

2.Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын башталышына атайын эсептен бош калган жергиликтүү бюджеттен төмөнкү бөлүмдөр жана статьялар боюнча жалпы суммасы– **376,8** миң сом бекитилсин: анын ичинен **100,0** миң сом СПА/суу пайдалануучулардын ассоциациясына/ айыл аймагындагы сугат арыктарды,каналдарды тазалоо иштерине берилсин. **276,8** миң сом 2/эки/ суу мунарасынын курчоосун оңдоо иштерине жумшалсын.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө – Узун-Кыр айылдык кеңешинин бюджет жана каржы боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Б.Сыйналапов